**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ**
**ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ**
**АК-ДӨБӨ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЫССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ**
**АК-ДЮБИНСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

Тилекмат айылы,
Асаналиева № 42

факс 60201
тел. 60203

село Тилекмат,
ул.Асаналиева № 42

ДЕПУТАТТАРДЫН АК-ДӨБӨ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИНИН XXVIII ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН КЕЗЕКСИЗ СЕССИЯСЫНЫН

# ТОКТОМУ

03-май 2022-жыл № 32 Тилекмат айылы

## Мал багуунун акысы жана шарттары жөнүндө.

Аймактагы жеке малчылардын мал багуунун акысын бирдей өлчөмгө коюп берүү жана мал багууга акы алуунун шарттары жөнүндөгү айылдык жыйындардын протоколдору менен Жайыт комитетинин төрагасы Ж.Жийдебаевдин билдирүүлөрүн угуп жана талкуулап айылдык кенештин сессиясы токтом кылат:

1. Айыл тургундарынын малын алып багуу мөөнөтү 2022-жылдын 01- апрелден 01- ноябрга чейин деп белгиленсин.
2. Жалпы аймак боюнча мал багуунун айлык акысы төмөндөгүдөй белгиленсин:
   Жылкыга - 450 сом
   Субайга - 400 сом
   Кой,эчкиге - 100 сом
   Бада -300 сом (Тилекмат, Ак-Дөбө айылдары)
   -200 сом (Мундуз, Аң-Өстөн)

Бааны өз алдынча көтөргөн малчыларга айып пул салынып, тиешелүү органдарга берилээри эскертилсин.

3. Малчылар айына бодо малга (1 башка) 10 сом, кой эчкиге (1 бир башка) 2 сом өлчөмүндө жайыт акысын төгүү жагы милдеттендирилсин.
4. Баккан малдын баардык түрүн алыскы жана ортонку жайытка чыгарылсын. Ички жайытка калган малчыларга 5000 сом өлчөмүндө айып пул салынсын.
5. Үлүш айдоо жерлерге кирип зыян келтирген мал үчүн ар бир мал башына төмөндөгүдөй айып пул өлчөмү белгиленсин:
   Жылкы, бодо малга - 1000-2000 сом кайталанып кирсе-3000 сом.
   Кой, эчкиге - 500 сом
6. Аймактан тышкаркы тургундардын малын алган малчыларга ички жайытка малы жайлоодон түшкөн убакта таратылбаса 10 000 (он миң) сом өлчөмүндө айып пул салынсын.
7. Оруп жыйноо иштери толук бүтө элек кезде айдоо талаага кирген мал башына 20000 (Жыйырма миң) сом өлчөмүндө айып пул бекитилсин. (15-сентябрга чейин)
8. Эгер мал башы оруп же өлүп калган учурда эти жараксыз болсо малчы мал башын төлөп берүү жагы малчыларга милдеттендирилсин.
9. Баккан малдын баардык түрүн алыскы жана ортонку жайытка чыгаруу үчүн малчыларга шарт түзүлсүн.
10. Мал багуунун шарттары боюнча жайыт комитети менен жеке мал багуучулардын ортосунда келишим түзүлсүн.
11. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы жайыт комитетин төрагасы Ж.Жийдебаевге тапшырылсын.

**Төрагасы** **А.Тыныбеков**